| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №3-1

Мундуз айылы 18-декабрь 2024-жыл

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2024-жылдын сметасынын чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесинин негизинде, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы жергиликтүү бюджеттин бекитилген сметасына өзгөртүү киргизүү боюнча **токтом кылат:**

1. Аппарат бөлүмүнүн 3111 “Имараттар жана курулмалар” беренесинен кеңешме зал курууга каралып, иштетилбей калган 1854,3 миң сом акча каражатынын эсебинен: Орто-Азия айылына суу чыгаруу үчүн скважинага трансформатор алып куруп, орнотуу үчүн 500,0 миң сом, билим берүү бөлүмүнө мектептерге көмүр алуу үчүн 300,0 миң сом, муниципалдык мал базардын проектисин жасатууга документ иштерине 2215 “Түрдүү чыгымдар” беренесине 1023,0 мин сом, 3112 “Өсүмдүктөрдү сатып алуу” беренесине 31,0 миң сом акча каражаты статьялар аралык жылдырылып, каржылоого макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөттүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн бөлүм башчысы Э. Жолдошовага жүктөлсүн.
3. Бекитилген планга өзгөртүү киргизүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **А. Алимов**

<table>
<tr>
<td>КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ</td>
<td></td>
<td>КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ</td>
</tr>
</table>

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №3-2

Мундуз айылы 18-декабрь 2024-жыл

**“Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу” жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 13-декабрындагы № 01-28/1640 сандуу кайрылуусунун негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жашасын-2 айылындагы К. Маткеримов атындагы көчөсүндөгү скважина ээлеген узуну 25 метр, туурасы 13 метр, жалпысынан 325 чарчы метр жер аянты муниципалдык менчикке алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №3-3

Мундуз айылы 18-декабрь 2024-жыл

**Токтомду жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык Кеңешинин регламентин негиздеп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп, Сузак районунун прокуратурасынын 2024-жылдын 17-декабрындагы №24/143-07-11/1-5-02637 каршылык билдирүүсүн жетекчиликке алып, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2023-жылдын 28-ноябрындагы №17-4 токтому жокко чыгарылсын.

2. Токтомду ишке ашырылуусун көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №3-4

Мундуз айылы 18-декабрь 2024-жыл

**Муниципалдык мал базар курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 13-декабрындагы № 01-28/1639 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сенир айылындагы МХО участкасындагы №118 контурундагы 16 га жер аянтына муниципалдык мал базар курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №3-5

Мундуз айылы 18-декабрь 2024-жыл

**Айыл аймактагы ички сугат суу арыктары жана каналдары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелдиндеги №207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2024-жылдын 13-майындагы №27-3947 сандуу тапшырмасын, Сузак райондук суу чарба башкармалыгынын 2024-жылдын 28-ноябрындагы №01-6/220 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 29-ноябрындагы №01-28/1564 сандуу кайрылуу катын негиздеп, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп жана талкуулап Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн алдындагы “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын балансында турган 155,0 км аралыктагы ички чарбалык каналдарды Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынын Сузак райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А. Алимов**